Макулдашылды

Окуу бөлүм башчысы

__________В.Кушбакова

Бекитемин

Мектеп директору

__________И.К.Парпиев

**№35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин кызматкерлеринин материалдык жоопкерчилиги жөнүндө**

**Жобосу.**

Материалдык жоопкерчилик – КР мыйзамдарына ылайык эмгек келишиминин бир тарабына келтирилген зыяндын ордун экинчи тараптын толтуруусу боюнча эмгек келишиминдеги тараптардын (жумуш берүүчү жана жумушчу) милдеттенмеси. Эмгек келишиминде ушул келишимдин тараптарынын материалдык жоопкерчигилигинин айкындаштырылышы мүмкүн. Ошону менен бирге, жалдоочунун жалдануучу алдындагы келишимдик жоопкерчилиги КР эмгек мыйзамдарында каралгандан төмөн, ал эми жалдануучунун жалдоочунун алдындагы жоопкерчилиги жогору болбоого тийиш. Зыян келтирилгенден кийин эмгек келишимин бузуу эмгек келишиминин тараптарын жоопкерчиликтен бошотпойт. Эгерде КР мыйзамдарында башкача каралбаса бир тараптын укукка каршы жүрүм-турумунун (аракети же аракетсиздиги) жана күнөөлүү укукка каршы жүрүм-турум менен келтирилген зыяндын ортосундагы себептик байланыштын натыйжасында Материалдык жоопкерчилик пайда болот. Жалдоочу жумушчуга берилбей калган эмгек акысы жана жумушчунун жоголгон же бузулган мүлкү түрүндө зыяндын, ошондой эле мыйзамда белгиленген учурларда моралдык зыяндын ордун толтурат. Жумушчу жалдоочуга анын мүлкүнүн жоголгон же бузулган түрүндө, ошондой эле ашыкча акчалай төлөмдөрдү жүргүзүү зарылдыгынын ордун толтурат.

**Мамлекеттик кызматчылардын материалдык жоопкерчилиги**

Мамлекеттик кызматчынын укукка каршы жүрүш-турушунун (иш-аракетинин же аракетсиздигинин) айынан келтирилген зыян үчүн ал материалдык жоопкерчилик тартат. Мамлекеттик кызматчы өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууда жасаган мыйзамсыз иш-аракеттеринин (аракетсиздигинин) натыйжасында үчүнчү жактар келтирилген зыяндын орду алар кызматта турган мамлекеттик орган тарабынан толтурулууга тийиш. Мамлекеттик орган бюджеттин тийиштүү бөлүгүндө, ошол мамлекеттик органды финансылоо үчүн каралган каражаттарынын эсебинен келтирилген зыяндын ордун толтурууга милдеттүү. Чыгымдын ордун толтурган мамлекеттик орган түздөн-түз укукка жат аракеттерге барган мамлекеттик кызматчыга жана кызмат адамына кайтарма талаптарды (регресс) коюуга милдеттүү. Мамлекеттик кызматчы тарабынан зыяндын орду мамлекеттик органга зыян келтирген иш аракети (аракетсиздиги) үчүн тартип, административдик же жазык

жоопкерчилигине тартууга карабастан толтурулат. Эгерде сотто кызмат адамы тарабынан мамлекеттик кызматчынын эмгек укуктары бузулганы далилденген жана анын кесепетинен соттун чечими боюнча жаранга мыйзамда каралган төлөмдөр төлөнүп берилген учурда, мамлекеттик орган соттун чечиминин негизинде кызмат адамынын эмгек акысынан, анын ичинде ал ушул органда иштөөнү токтоткон учурда дагы ал келтирген зыяндын суммасын кармап калууга милдеттүү. Күнөөлүү адам келтирилген материалдык зыяндын ордун толук толтуруп бергенге чейин башка мамлекеттик кызмат ордуна дайындалышы мүмкүн эмес. Мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекетке материалдык зыян келтирген мамлекеттик кызматчылардын маалыматтык базасын түзөт жана жүргүзөт, ошондой эле зыяндын ордунун толтурулушун контролдойт. (КР 2012-жылдын 13-апрелиндеги N 33 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. 1.Мектепке зыян келтирилгендиги үчүн материалдык жоопкерчилик жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо)

1.2. Бул Жобо материалдык жооптуу адамдар түшүнүгүн, алардын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин, материалдык жоопкерчиликтин келип чыгышынын шарттарын, зыяндын өлчөмүн аныктоонун жана анын ордун толтуруунун тартибин аныктайт.

1.3. Алдында материалдык жооптуу адамдар тарабынан ушул Жобонун маанисинде түшүнүлөт эмгек келишимин түзгөн адамдар менен Мектеп (мындан ары - кызматкерлер) жана алардын толук материалдык жоопкерчилик кемип ишенип берилген мүлктү ушул Жобого ылайык жана мыйзамдарына

1.4. Кызматкердин материалдык жоопкерчилиги ушул Жобонун маанисинде-бул, натыйжасында мектептин мүлкүнө зыян келтирилген күнөөлүү укукка каршы жүрүштурушту (аракетти же аракетсиздикти) жасоого жана ал чыгашанын ордун толтурууга мектептин алдында кызматкердин милдети.